DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Мусаев О. М.*

# АЛЫМКУЛ АТАЛЫКТЫН РОССИЯНЫН ТҮРКСТАНДАГЫ ЭКСПАНСИЯСЫНА КАРШЫ КҮРӨШҮ

*Мусаев О. М.*

# БОРЬБА АЛЫМКУЛА АТАЛЫКА ПРОТИВ РОССИЙСКОЙ ЭКСПАНСИИ В ТУРКЕСТАНЕ

*O. Musaev*

# ALYMKUL ATALYK'S FIGHT AGAINST RUSSIAN EXPANSION IN TURKESTAN

*УДК: 947.088.52.24.*

*Макалада 1860-1865-жж. Алымкул аталыктын чет элдик баскынчыларга каршы жүргүзгөн саясаты иликтенент. Алымкулга чейин Кокон хандыгы бардык тараптан деградацияга учурап жаткандыгы, бийлик төбөлдөрү мамлекеттин кубаттулугун күчөтүп, элдин абалын жакшыртуунун ордуна, тескерисинче, салыктардын түрлөрүн, көлөмүн көбөйтүп жиберишкен, натыйжада өлкөдө курч социалдык кырдаал келип чыккандыгын. Ушундай шартта Алымкул лашкер-башы мамлекетти жетектөөдө өзүнүн эң негизги милдети катары төмөнкү иш чаралдарды тез арада ишке ашырууну мерчемдеген: ички абалды турукташтыруу, этностордун ортосундагы ынтымакты чыңдоо жана алардын башын бириктирүү, аскердик потенциалды күчөтүү, сырткы орус агрессиясынын мизин кайтаруу үчүн дипломатиялык жол менен союздаштарды издегенин. Алымкул ушул иш чаралардын топтомун турмушка ашыруу менен мамлекеттүүлүктү сактап калууга ниеттенгендигин. Ал мезгилде бир нече элдердин башын бириктирген, эң ири аймактарды өзүнө камтыган ири мамлекет болгон жана ал учурда эч бир этнос аны өзүнө гана таандык деп эсептеп, хандыкта үстөмдүк кылуучу ролду ойногонго аркеттенгендигин. Мындай процесс кийин элдердин улуттук мамлекеттеринин пайда болуусунан улам, айрыкча постсоветтик доордо күчөй баштагандыгы жөнүндө маалымданат. Андан сырткары, анын мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгүн күчөтүү, тартипти бекемдөө иштерине көңүл бурулат. Алымкулдун Олуя-Ата, Чымкент, Ташкент шаарларын коргоо боюнча күрөштөрү кеңири иликтенет.*

***Негизги сөздөр:*** *согуш, экспансия, Кокон хандыгы, дипломатия, тактика, мамлекет, салгылашуу, сүйлөшүүлөр, шаарлар, чептер.*

*Статья охватывает 1860-1865 годы. Проводится расследование политики регента Алымкула в отношении иноземных захватчиков. До Алымкула Кокандское ханство было деградировано во всех отношениях, для того чтобы усиление власти государства увеличили виды и размеры налогов, что привело к напряженной социальной ситуации в стране. В этом Алымкул лашкер-баши в качестве своей основной задачи в управлении страной планировал в кратчайшие сроки реализовать следующие меры: стабилизация внутренней ситуации, укрепление единства и единства этнических групп. Реализацией этого комплекса мер Алымкул намерен сохранить государственность. В то время это было большое государство, объединяющее несколько народов, охватывающее самые большие территории, и тогда ни один этнос не считал его своим и не пытался играть доминирующую роль в ханстве. Сообщается, что этот процесс позже усилился с появлением национальных государств, особенно в постсоветскую эпоху. Кроме того, внимание будет уделено укреплению обороноспособности страны и укреплению правопорядка. Подробно будет изучена борьба Алымкула за защиту городов Олуя-Ата, Шымкент и Ташкент.*

***Ключевые слова:*** *война, экспансия, политика, Кокандское ханство, дипломатия, тактика, государство, сражение, переговоры, города, крепости.*

*The article covers the years 1860-1865. Alymkul regent's policy against foreign invaders is being investigated. Prior to Alymkul, the Kokand Khanate was degraded in all respects, and instead of strengthening the power of the state and improving the living standards of the people, the authorities increased the types and amounts of taxes, resulting in a tense social situation in the country. In this context, Alymkyl Lashker-Bashi, as his main task in governing the country, planned to implement the following measures as soon as possible: to stabilize the internal situation, strengthen the unity of ethnic groups and unite them, strengthening military capabilities, the Soviet Union sought diplomats through diplomatic means to repel Russian aggression. Alymkul intends to preserve the statehood by implementing this set of measures. At that time it was a large state uniting several peoples, encompassing the largest territories, and at that time no ethnos considered it its own and tried to play a dominant role in the kingdom. It is reported that this process later intensified with the emergence of nation-states, especially in the post-Soviet era. In addition, attention will be paid to strengthening the state's defense capabilities and strengthening law and order. Alymkul's struggle to defend the cities of Oluya-Ata, Shymkent and Tashkent will be studied in detail.*

***Key words:*** *war, expansion, politics, Kokand Khanate, diplomacy, tactics, state, battle, negotiations, cities, fortresses.*

1850-жж. баштап Орус империясы Казак жерлерин толук түрдө басып алган соң эми Түкстандын калган аймагына, тагыраак айтканда Кокон, Хива хандыктарынын жана Бухара эмиратынын жерлерине көз арта баштаган. Алардын негизги максаты түштүк аймагы аркылуу Индияга жол ачуу, соода кербендерин тоскоолдуксуз жүрүүсүн камсыз кылуу, эң негизгиси падышачылыктын эми эле өнүгө баштаган жеңил өнөр жайын арзан же бекер чийки заттар менен камсыз кылууну ишке ашырууда турган. Буга чейин аймакты бир катар орус чалгынчылары изилдеп, жергиликтүү мамлекеттердин согуштук, экономикалык дараметтерин, стратегиялык маанидеги жолдордун көзөмөлдөнүшүн иликтеп кетишкен эле. Бул иштер-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ди илимий экспедициялар ишке ашырганы менен алардын катышуучуларынын көпчүлүктөрү бийликтин агенттери болуп, экспедициялар өкмөт тарабынан каржыланып турган. Борбордук Азия жөнүндө толук маалыматка ээ орус бийлиги акырындык менен аймактын ири объектилерин басып алууну ишке ашыра баштайт.

XIX к. экинчи жарымында Россия Борбордук Азияны басып алууга толугу менен киришет. Мында Түркстандын үч хандыкка бөлүнүп, бири-бири менен араздашып туруусу алар үчүн чоң мааниге ээ болгон. Ошол мезгилде мылтык, замбирек менен куралданган орус аскерлери хандыктардын чек ара гарнизондорун басып ала башташкан. Түркстандын эң ири шаарларын орустар тарабынан басылып алынган убакытта да аймактагы хандыктар биригип, өз ара конфронтацияны токтотуп, душманга каршы элди бириктире алышкан эмес, тескерисинче мурдагыдай эле тирешүүсүн уланта беришкен. Мындай жагдай орустар үчүн өтө ыңгайлуу болгон.

1850-1860-жж. Кокон хандыгында саясий кризистер күчөп, бийлик талашуу процесстери уланып, өлкөдөгү социалдык-экономикалык абал оордошо берген. 1863-жж. хан сарайындагы кезектеги төңкөрүштөн улам тактыга Мала-хандын уулу Султан Саид келет, бирок иш жүзүндө бийлик структурасын Алымкул толук түрдө өзү көзөмөлдөп калат [1, 46-б.]. Анын бийликте турган жылдары мамлекет үчүн өтө оор мезгилдин башталышы эле. Анткени Орус агрессорлору хандыктын чектерине жакындап, анын бир катар шаарларын басып алууну мерчемдеп турушкан. Мындай кырдаалда Алымкул өз өлкөсүнүн чыныгы патриоту, ири мамлекеттик ишмер, аскердик стратег катары түзүлгөн кырдаалды жөн эле көзөмөлдөп турбастан аскердик күчтөрдүн согушка болгон даярдыктарын күчөтүп, курал жарактар менен камсыз кылып, душмандын жапырт кол салуусуна каршы сырттан союздаштарды издөөгө киришет.

Алымкулга чейин Кокон хандыгы бардык тараптан деградацияга учурап жаткан эле. Бийлик төбөлдөрү мамлекеттин кубаттулугун күчөтүп, элдин абалын жакшыртуунун ордуна, тескерисинче, салыктардын түрлөрүн, көлөмүн көбөйтүп жиберишкен, натыйжада өлкөдө курч социалдык кырдаал келип чыккан. Ушундай шартта Алымкыл лашкер-башы мамлекетти жетектөөдө өзүнүн эң негизги милдети катары төмөнкү иш чаралдарды тез арада ишке ашырууну мерчемдеген: ички абалды турукташтыруу, этностордун ортосундагы ынтымакты чыңдоо жана алардын башын бириктирүү, аскердик потенциалды күчөтүү, сырткы орус агрессиясынын мизин кайтаруу үчүн дипломатиялык жол менен союздаштарды издөө. Алымкул ушул иш чаралардын топтомун турмушка ашыруу менен мамлекеттүүлүктү сактап калууга ниеттенген. Мында өзгөчө баса белгилеп кетүүчү жагдай Кокон хандыгы ал мезгилде бир нече элдердин башын бириктирген, эң ири аймактарды өзүнө камтыган ири мамлекет болгон жана ал учурда эч бир этнос аны өзүнө гана таандык деп эсептеп, хандыкта үстөмдүк кылуучу ролду ойногонго аркеттенген эмес. Мындай процесс кийин элдердин улуттук мамлекеттеринин пайда болуусунан улам, айрыкча постсоветтик доордо күчөй баштады. Биз да бул проблеманы изилдеген прогрессивдүү окумуштуулар сыяктуу эле Кокон хандыгын Түркстанды жердеген бардык элдердин жалпы, бирдиктүү мамлекети катары карайбыз.

Эми Алымкул аталыктын чет элдик баскынчыларга каршы ишмердүүлүгү кенен ачып берүүгө аракет жасап көрөлү. Алымкул падышалык Россия тараптан болгон коркунучту реалдуу баалап Олуя-Ата, Чымкент, Ташкент шаарларыда бекем тартипти орнотуп, бийликте турган кызматкерлерди бөлүнүп-жарылуудан оолак болуп, өлкөнүн көз карандысыздыгын сактап калууга үндөгөн. Тагыраак айтканда, мамлекеттеги сепаратисттик тенденцияны токтотуп, араздашкан күчтөрдү позитивдүү нукка буруурга далалаттанган.

Алымкулдун саясий ишмердүүлүгү Россиянын Борбордук Азиядагы экспансиясы менен дал келген. Ошондуктан анын саясатынын негизги болүгүн орус баскынчыларына каршы күрөшү түзгөн.

Алымкулдун билгичтик менен жүргүзүлгөн саясатынан улам өз алдынча, чачыранды, дайыма бири-бири менен карама-каршылыкта турган уруулар биригип, жалпы душманга каршы күрөш жүргүзүшкөн.

Жогорудагы айтылган максатттарды ишке ашыруу үчүн Алымкул азыркы түндүк кыргыздарынын төбөлдөрүнө да кайрылып бирдиктүү Кокон хандыгын бекемдеп, аны сактап калууга үндөйт. Өз мезгилинде Алымкул аталыктын мындай идеясын Чүй, Талас, Кемин кыргыздарынын көпчүлүк бөлүгү колдоого алышып, өздөрүнүн хандыкка болгон мамилесин өзгөртүшкөн [4, 40-б.].

Россия бул аймакты дароо эле басып алуу саясатынан алыс турган, анткени ал мезгилде дүйнөлүк саясатта эң ири таасирге ээ Англиянын атаандаштыгынан чочулаган. Россия аталган аймакты басып алууда жогоруда айтылгандай түрдүү айла-амалдарды колдонгон, алардын ичинде аймактагы мамлекеттерди бири-бирине тукуруу аркылуу алсыратуу, ички сепаратисттик күчтөдү колдоо, тыңчылык иштерди күчөтүү, бүлгүнчүлүк иштерди ишке ашыруу ж.б.

1863-ж. Бухара эмири Музаффардын 12 миң аскери менен Коконго каршы аттанышы да жөн жерден болгон эмес. Россия акырындык менен аймактагы өлкөлөрдүн ички иштерине кийлигишип, өздөрүнүн тыңчылары жөнөтүп турган. Бухара

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эмири Коконду баысп алып Ошко чейин жетип, ан жерден Кудаярды колдогон күчтөрдү издей баштайт. Бирок аны Алымкул ири жоготууларды болтурбоо максатында ачык согуштан качып, саясий амалдарды издеп, түзүлгөн кризистик кырдаалдан чыгууга аракет жасаган [1, 40-б.]. Алымкул Бухара эмири менен сүйлөшүүлөр аркылуу түзүлгөн конфликттик кырдаалдан чыгып, конфронтациядан компромисске, элдешүүгө барууга аракет жасайт. Бул өз кезегинде Алымкулдун аскердик мыкты ишмер эле эмес, такшалган дипломат экендигинен да кабар берет.

Ошол мезгилде Россия азыркы Казакстандын бүт аймактарын басып алып, түшүк чектерине жетип калган орустар Кокон хандыгындагы болуп жаткан бүт окуялардан кабардар болуп, канткенде тез арада анын шаарларын басып алууга боло тургандыгын мерчемдеп жатышкан. Аймактагы эң ири мамлекет болуп саналган Кокон хандыгын Алымкул аталыктай ири саясатчынын башкарып турууусу орустардын кызыкчылыгына жооп берген эмес. Ошондуктан алар хандыктагы карама-каршы күчтөрдүн чыналуусуна көмөктөшүп, Олуя-Ата, Чымкент, Ташкент шаарларын басып алуу үчүн ошол жерлерден өздөрүнө таяныч күчтөрдү издеп, абалды туруксуздаштырууга аракеттенишкен. Орустар аймакты басып алууда элдик козголоңдорду, антикокондук маандайды өз кызыкчылыктары үчүн билгичтик менен пайдаланышкан. Мындай элдик көтүрүлүштөрдүн күч алып жаткан шартында орус аскерлери кокондук чептерди элдин жардамы менен тез эле ээлеп алууга мүмкүндүк алат. Орустардын түндүк аймактарды басып алууда Верныйда жайгашкан аскердик гарнизон чоң роль ойногон. Албетте, орус булактарында бул окуялар тенденциялуу мүнөздө баяндалып, алар өздөрүн жергиликтүү элдерди куткаруучу катары эсептешет [5, 36-б.]. Мында бир маселени баса белгилеп кетүү зарыл. Орустар жакын арада Ташкентти басып алууга көзү жетип аны кандай баршкаруу керек экендигин да талкуулай башташкан. Сырткы душмандарды алагды кылуу максатында Ташкент өзүн-өзү башкарган хандык болот деген идеяны да көтөрүшкөн. Балким ушундай алдоо амалы менен ташкенттик кээ бир таасирдүү адамдар алардын торуна илинген чыгаар.

1850-жж. Россия Ысык-Көл кыргыздарынын жерлерин басып алат. Ал эми 1860-жж. баш чениде орус аскерлери Пишпек жана Токмок кокон чептерин жок кылышат [6, 80-б.]. Бул процессте орустар жергиликтүү кыргыздарды өздөрү тарапка активдүү тартып, алардын Кокон хандыгынын эзүүсүнөн куткарып жаткандыгын ишарат кылышкан. Ал эми иш жүзүндө түндүк кыргыздардын орусиянын толук колониясына айланышкан. Мындай кырдаалда Алымкул аталыктын кыргыздардын башын бириктирүү саясатына орустар караманча каршы турушкан

Белгилүү болгондой Россия азыркы түндүк Кыргызстандын көпчүлүк аймактарын түрдүү амалдар менен: кээде кысым көрсөтүү, кээде келишимдерди түзүү аркылуу басып алган эле. Ошондуктан орус төбөлдөрү биз бул аймакты бир ок атпастан басып алдык деп бекеринен айтышкан эмес. Мындай кырдаалда Алымкул аталыктын кыргыздардын башын бириктирүү саясатына орустар караманча каршы турушкан. Алар бытыранды, начар куралданган, Кокон хандыгынын саясатына наразы, бири-бири менен дайыма согуштук абалдар турган түндүк кыргыздардын жерлерин басып алып, эми аны жөн эле колдон чыгарып жиберүүсүн каалашкан эмес. Орустар бул аймакты басып алуу менен өздөрүнүн соода кербендерин Кытайга эч тоскоолдуксуз барып туруусун камсыз кылган. Эми алар Чыгыш Түркстанга жол тартып, ал аймактарды да номиналдуу түрдө болсо да башкарып турууга ниеттенишкен.

Орустардын алдында Кокон хандыгынын стратегиялык жактан эң маанилүү болуп саналган Түкстан, Чымкент, Олуя-Ата, Ташкен шаарларын басып алуу маселеси турган**.**

Алымкул хандыктагы башкаруу иштерин тартипке келтирүү, аскерди куралдандыруу жана машыктырууга чоң көңүл бурган. Бирок алсырап калган хандыкты аз убакыт ичинде калыбына келтирүү кыйын болчу. Ал баскынчыларга каршы күрөштө өзүнүн эрдигин көргөзүп, калктын маанайын көтөрүп, дем берип турган.

Орустар алгач Кокон хандыгындагы Түркстан шаарын, Сузак, Чолок-Коргон чептерин басып алышып, эми ири шаарларын ээлөөгө киришет. Бирок бул мезгилде Алымкул Султан Саид менен бирге Алымкул Түркстан шаарын орустардан бошотуу аркылуу Чимкентке кеткен жолду бууп, алардын экспансиясын майтарууга аракеттенген. Бирок Ыкан кыштагынын алдында анын кошууну орустардын есаул Серов жетектеген аскердик тобуна кезигип, ортодо ири салгылашуу болуп өтөт (1864-ж. ноябрында). Бул окуя тарыхый жактан чоң мааниге ээ болгон. Анткени эч тоскоолдуксуз Түркстан аймагын басып алып келе жаткан Россия эң ири жоготууга учурап, анын аскерлери чегинүүгө мажбур болот.

Алымкул өзүнүн он миң аскери (кээ бир маалыматтарда 20 миң аскер) менен орустар менен кагылышууда душман тарап 60 кишисин жоготуп, көптөгөнү туткунга түшөт, калганы Түркстанга качууга мажбур болушкан. Кокондуктар 90 аскер башчыларынан, эки миңге жакын жөө жана атчан аскерлеринен ажырашкан. Алымкул колго түшкөн орустарга исламды кабыл алууну сунуштаган, бирок

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



алар баш тарткандан кийин өлүм жазасына буйруган [8, 146-б.]. Ыкан алдындагы салгылашууда Алымкулдун ишенимдүү жолдошу Сыздык төрө чоң роль ойногон. Алымкул менен Сыздыктын колу 1864-ж. декабрында есаул Серов башындагы орустардын 200 аскерин Ыкандын түбүндө курчоого алат [3,171-б]. Алымкул өзүнүн мөөрү басылган катын Серовко жөнөтүп, кан төгүүнү токтотуп, мусулман динин кабыл алып, багынууну талап кылат.

Ыкан салгылашуусунан кийин Алымкул кокустан кол салуу тактикасынан баш тартат. Алымкул Ыкандын калкын Коконго караштуу жерлерге көчүрүп, кайра Ташкентке кайтат. Бул мезгилде шаардын өзүндө Кокон бийлигине наразычылыктар күчөй баштагандыгы маалым. Белгилүү болгондой Ыкан салгылашуусунда жергиликтүү эл орустарды колдошкон жана Алымкулдун жортуулу жөнүндө орустарда алдын ала эскертишкен.

Алымкул согуштук кырдаалда темирдей аскердик тартипти орнотууга аракет жасаган. Ал эгерде кол астындагылар чыккынчылыкка, коркоктукка жол беришсе өтө каттуу жазалаган. Бул өз кезегинде өз жемишин бергени менен иш жүзүндө тетири реакцияны да пайда кылган. Ага мисал катары Алымкул Чымкентти коргоодо алсыздык кылгандыгы үчүн Байзак датка, молдо Зарип паңсат, Темир паңсат жана Мухаммад Юсуп паңсаттарды өлүм жазасына тарттырган. Ал өз кезегинде аймактын казак тектүү элдерин орустар тарапка өтүп кетүүсүн шарттаган. Алымкул согуштук кырдаалда өтө катаал саясат жүргүзбөсө мамлекеттин тагдыры коркунучтар калаарын түшүнгөн. Бирок, анын мындай саясатын душман өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, казактардын ичинде бөлүнүп жарылуучулукту күчөтүп, аларды орус букаралыгын алууга үндөшкөн.

Орустардын кийинки согуштук операциялары Токмок, Бишкек, Мерке (1864-ж. 1-24-майы) багыттарында жүрүп, ал жерлердеги кокондук ири чептер басылып алынат. Бул аскердик жүрүштөрдү полковник М.Г. Черняев жана Веревкин жетектешкен. Ал эми 4-июнда Олуя-Ата шаары орустар тарабынан замбиректик аткылоолордон улам басылып алынат.

Алымкул аталык Кокон хандыгына караштуу шаарларды өзүнө кайтарып алууга аракет жасайт. Ал Черняевке жазган катында Олуя-Ата, Түркстан шаарларын кайтарып берүүнү орус бийлигинен талап кылган.

Россиянын Борбордук Азиядагы бардык жортуулдары эле ийгиликтүү болгон деп айтуу жаңылыштык болот. Анткени Чымкент алдындагы салгылашууда орустар жеңилүүгө дуушар болушат жана артка чегинишет. Алымкул анча чоң эмес аскердик топту шаарда калтырып өзүнүн аскердик күчтөрү менен Ташкент аркылуу борбор калаа Коконго кайтат. Мындай шарттан пайдаланып Черняев Чымкентке кайрадан чабуул жасап, аны басып алат. Алымкул аталыктын Чымкенттеги аскер башчысы Мырза Акмат аз сандагы аскери менен шаарды ташап, Ташкентке качууга мажбур болгон.

Чымкентти кокустан басып алган орустар тез эле Ташкентти да алууга далалаттана башташат. Аталган шаар Кокон хандыгы үчүн аскердик, соода багыты ж.б. стратегиялык жактан эң маанилүү ролду ойногон. Ошондуктан аны сактап калуу үчүн Алымкул Түрк султанынан, Бухара эмиринен жардам сурап кайрылганы маалым. Бирок, тилекке каршы, эки мамлекет тең Алымкулга жардам бере алган эмес. Бухара эмири мындай кырдаалдан пайдаланып Коконду басып алууну көздөгөн. Мусулман мамлекеттеринин, анын ичинде түрк элдеринин ортосундагы карама-каршылыктардан пайдаланып орустар түрк дөөлөттөрүн кыйынчылыксыз түрдө басып алууга мүкүндүк алышкан. Алымкулдун динсиздерге каршы күрөшүү сунушу мусулман мамлекеттери тарабынан колдоого алынбай калган. Россия Ташкенттин калкын Кокон хандыгына каршы тымызын тукура баштаган. Мындай максатта орустар шаардын таасирдүү адамдарына белек-бечектерди тартуулап, өздөрү тарапка тартып, хандыкка каршы иш аракеттерди күчөткөн [4, 161-б.].

1864-ж. акыркы чейрегинде Алымкул соодагер Мухамад Сайид аркылуу Черняевге тынчтык сүйлөшүүсүн жүргүзүү сунушун билдирген, бирок орустар аны четке кагышкан.

1865-ж. апрелдин аягында М.Г. Черняев Ташкентти курчоого алган. Ошол жылы Кокон хандыгынын стратегиялык маанидеги эң ири шаары Ташкентти орустардын басып алышы үчүн ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн. Ага Бухара эмирдигинин менен Кокон хандыгынын ортосундагы башталган согуш себеп болгон. Мындай кырдаалдан пайдаланып генерал М.Г. Черняев өз аскерлери менен Ташкентке кол салат [7, 289-б.]. Кокон хандыгы өз мамлекеттүүлүгүн гана эмес, ислам динин дагы сактап калуу үчүн газават жарыялайт. Алымкул жетектеген регулярдуу армия, элдик кошуундар 7-майда Ташкентти коргоого киришет.

Ошол күнү шаардын чыгыш тарабында жайгашкан Салар арыгы тарапта орустардын эки рота аскерлери чалгындоо ишин жүргүзө баштайт. Алымул аскердик кеңеште шаарды коргонуу иш чараларын жүргүзүү боюнча чечим кабыл алат. Алымкулдун кол башчылыгында кокон аскерлери Дархан арыгынын жанында коргонуу позициясын ээлешкен.

Күч жагынан кокондуктар көпчүлүктү түзүшкөнүнө карабай, курал жактан начар жабдылышкан.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Алымкул өз аскерлерине дем берип, шаарды сактап калууга, душмандын андан ары жылуусун токтотууга, дегеле Борбордук Азия элдеринин мамлекеттүүлүгүн сактап калууга үндөп, өзү да салгылашып, башкаларга өрнөк болгон.

Кокондуктар орустарга күтүүсүздөн кол салышкан, бир топ убакытка созулган кармашуудан соң орус аскерлери Шоро-Тепе аймагында жайгашкан өз лагерин карай качууга мажбур болушат. Мындай кырдаалда Алымкул өз позициясын өзгөртүп коргонуудан кол салуу тактикасына өтөт. Ал душманды капыстан бастырып барып, талкалоо чечимине келет. Ошондуктан алар орустардын артынан кууп барып аскердик лагерди курчоого алат. Замбиректер менен аткылоолор кол күрөшү менен коштолот. Орустардын замбиректик аткылоолоруна туруштук бере албай Алымкулдун кошуну артка чегине баштайт.

Дин үчүн согушкан элдик кошуун аскердик жактан эч кандай даярдыгы жок эле. Алымкул түзүлгөн кырдаалды туура баамдап аларды артка кайтарып, өзү болсо туруктуу аскерлери менен шаарды коргонууга киришет. Анын колунда 36 замбирек болгон. Бул, албетте, душмандын аскердик техникасына салыштырмалуу алда канча аз болгон. Кокон аскерлери шаарды коргоо үчүн дагы бир ирет аракет жасашат. Бирок бул согушта кокондуктар артка чегинет, көптөгөн жоготуулар болот, аскердик күчтөрдүн анча чоң эмес бөлүгү гана Ташкентке кайтып келет.

Орус баскынчылары Ташкентти тез арада күч аркылуу ээлеп алууга аракеттенишет. Бирок Алымкул жетектеген күчтөрдүн каршылык көргөзүүсү алардын мындай планын үзгүлтүккө учураткан. Мындай шартта генерал Черняев Ташкенттин байлары жана таасирдүү адамдары менен сүйлөшүү жүргүзүп, Алымкулдун жок кылууга аракеттенген. Натыйжада аны эң_жакын адамдарынын бирин сатып алышат жана ал (чыккынчы) кол башчыны согуш талаасында артынан атууга үлгүрөт. Алымкул согуш талаасында баатырларча салгылашып курман болот. Бирдиктүү кокон аскерлеринин арасында ырк кетип, коргонуу операциясы бүлгүнгө учурайт. Мындай кырдаалдан пайдаланып орус баскынчылары шаарды тез эле кыйынчылыксыз басып алууга үлгүрүшөт.

**Адабияттар:**


1. Алымкул аталык 1829-1865-жж. - Ош, 1999.
2. Бобобеков Х. Н. Кукон тарихи. - Ташкент, 2017.
3. Махаева Айткүл Шайымкул кызы. Казак-кыргыз тарыхынан (XVIII к.ылымдын экинчи жарымы - XX к. башы). - Бишкек, 2011.
4. Молдокасымов К. С. Алымкул аталыктын элчилик сапаттары / Кенесариев Т. Алымкул Амир Лашкар. - Бишкек, 2019.
5. Рудов Г. Россия – Кыргызстан. - Бишкек, 2001.
6. Стратегическая матрица Кыргызстана: ретроспектива, современность и сценарии будущего развития.-Алматы, 2007.
7. Осмонов Ө. Ж. Кыргызстандын тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин. - Бишкек, 2014.
8. Шамсутдинов Р. Т. Амирлашкар Алимкул хаётига чизгилар / Кененсариев Т. Алымкул Амир Лашкар. - Бишкек, 2019.
9. Бердиев А.Т., Мусаев Ө.М., Мапаев Б.А. Роль Алымкула Аталыка в истории Кокандского ханства. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. - №. 10. - С. 67-70.